**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**
**БАЕТОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАЕТОВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Баетов айыл аймагынын айылдык кенешинин VIII чакырылыштагы депутаттарынын кезексиз X сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**29-август 2025-жыл** **№10/7** **Баетов айылы**

**“Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” жарлыгынын жана 2024-жылдын 6-декабрындагы “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын ишке ашыруу максатында жергиликтүү деңгээлде тийиштүү чечимдерди кабыл алуу жөнүндө**

Жогорудагы маселени угуп жана талкуулап депутаттардын Баетов айылдык кеңешинин кезексиз X сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Баетов айыл аймагынында өткөрүлгөн үйлөнүү үлпөттөрүнүн, аш-тойлордун жана башка массалык иш чаралардын саат 22:00 дөн кечиктирилбей аякташын камсыз кылуу колго алынсын.
2. Ресторандардын, банкеттик залдардын, көңүл ачуучу жайлардын иштөө убактысына 2024-жылдын 6-декабрындагы “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамынын 3-беренесинде көрсөтүлгөн талаптарына ылайык чектөө киргизилсин.
3. Ыйгарым укуктуу жана лицензияланган концерттик жайлар гана өзгөчө тартип менен иштей ала тургандыгы белгиленсин.
4. Баетов айыл аймагынын жарандарына, укуктарды сыйлоо, демонстративдүү чыгымдардан алыс болуу, тынч жашоону камсыздоо боюнча түшүндүрүү, маалымдоо иштери жүргүзүлсүн.
5. Токтомду аткарууга алуу Баетов айыл өкмөтүнүн башчысы А. Акиевге тапшырылсын.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө регламент, депутаттык этика жана мандат, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин..

**Төрага:** **Ч. Азимжанов**

---

Жиберилди: Баетов айыл өкмөтүнө, иш кагазына